**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫКАТИНСКИЙ РАЙОН**

**ЫСЫК-АТИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги IV (төртүнчү) сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 05-февралы №21/IV-29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2025- жылдын бюджетин, айыл өкмөтүнүн "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөлорун бекитүү, ТЖКЧ "ЖКХ" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн кыскартуу жана 2026-2027-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2025- жылдын бюджетин, айыл өкмөтүнүн "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн бекитүү, ТЖКЧ "ЖКХ" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөсүн кыскартуу жана 2026-2027-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесине ылайык кезектеги маселе боюнча айылдык Кенештин каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Р.Итибаева билдирет:

2024-жылдын бюджеттик эсеп счетунан калган калдык 6312,4 сомду түздү, атайын эсеп счетунан калган калдык 7,2 мин сомду түздү. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылга түзүлгөн бюджеттин долбоорунун киреше бөлүгү 22232,7 миң сом, анын ичинде бюджеттик эсеп кирешеси 12256,2 мин сомду түздү, атайын эсеп кирешеси 20,0 миң сом, тендөөчү грант 9976,5 миң сомду түзөт.

| | |
|---|---|
| Айыл өкмөтүнүн аппараты | 9975,4 |
| Коомдук тартип | 5,0 |
| Жайыт комитети | 350,7 |
| ТЖКЧ (ЖКХ) | 4027,4 |
| Маданият: | 2975,4 |
| Китепкана | 1381,3 |
| Клуб | 1594,1 |
| Социалдык коргоо | 559,0 |
| Орто билим берүү | 1959,8 |
| Мектепке чейин билим беруу | 2360,0 |
| Анын ичинен: | |
| Тендөөчү грант | 9976,5 |
| Өздүк киреше | 12256,2 |
| Атайын эсеп боюнча | 20,0 |
| **Баардыгы** | **22232,7** |

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн калкынын саны 6167 адамды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесинин негизинде 2025-жылдын бюджетинин долбоорун карап талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бардык бөлүмдөрү боюнча түзүлгөн бюджетинин долбоорунун киреше бөлүгү 22232,7 миң сом, чыгаша бөлүгү 22232,7 миң сомго бекитилсин;

2. 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы 20903,7 миң сомго бекитилсин;

3. "Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат" жөнүндө" 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №52 токтомунун негизинде айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык бирдиги төмөнкү курамда түзүлсүн: айыл өкмөтүнүн башчысы 1 (бир), орун басар-жооптуу катчы 1 (бир), социалдык-экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы 1 (бир), башкы адис-3 (үч) (мал чарба жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси, жер жана турак-жай, муниципалдык менчик, өзгөчө кырдаал боюнча башкы адиси, киреше жана чыгымдар боюнча башкы адиси), жетектөөчү адис -2 (эки) (социалдык суроолор боюнча жетектөөчү адиси, мамлекеттик сатып алуулар боюнча жетектөөчү адиси), адис-1 (бир) (социалдык -экономикалык өнүгүү жана инвестиция тартуу боюнча адиси), контракт менен алынуучу адистер 6 (алты) бирдик: -айыл башчы 4 (төрт) бирдик, экономист-статист-1 (бир) бирдик, жер жана турак-жай, муниципалдык менчик боюнча адиси -1 (бир) бирдик, ТТК/КТК боюнча 3 (үч) бирдик: айдоочу 1 (бир) бирдик, иш кагаздарын алып баруучу секретарь 1 (бир) бирдик, эсеп жана материалдык бухгалтер-1(бир) бирдиктери бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык тийиштүү айлык акылары жана төлөмдөрү төлөнүп берилсин;

4. "Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 38-беренесинин 1-пунктусуна ылайык айылдык кенешинин жооптуу катчысы 1 (бир) бирдиги бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын негизинде тийиштүү айлык акылары жана төлөмдөрү төлөнүп берилсин;

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде маданият тармагындагы китепканалар бөлүмү боюнча 2024-жылга карата 4 (төрт) штаттык бирдиги бекитилсин жана айлык акылары төлөнүп берилсин. (Алмалуу айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Тогуз-Булак айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Үч-Эмчек айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Карагай-Булак айылында китепкана башчысы 1 бирдик) жана от калоочу 2 (эки) штаттык бирдиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде бекитилсин. От калоо мезгилинде ай сайын 6 ай (алты ай) 7040 сом өлчөмүндө айлык акысы төлөнүп берилсин;

6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде маданият тармагындагы клуб бөлүмү боюнча 2024-жылга карата 4 штаттык бирдиги бекитилсин жана айлык акылары төлөнүп берилсин. (Алмалуу айылында клуб башчысы 1 бирдик, Тогуз-Булак айылында клуб башчысы 1 бирдик, Карагай-Булак айылында клуб башчысы 1 бирдик) жана клуб бөлүмүнө спорттук инструктор 1 (бир) штаттык бирдиги бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде айлык акылары (он эки айлык акысы) төлөнүп берилсин;

7. Ысык-Ата айыл окмотуно караштуу "ЖКХ" бөлүмүнүн штаттык бирдиктери Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгынын негизинде "Ысык-Ата" Муниципалдык ишканасы түзүлгөндүгүно байланыштуу жана Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетин сарамжалдуу пайдалануу, оптималдаштыруу максатында, толугу менен кыскартылсын:

| | |
|---|---|
| сантехник адиси | 2 бирдик 0,5 коюмдан -кыскартылсын |
| электрик адиси | 1 бирдик 1 коюм-кыскартылсын |
| Аксакалдар сотунун төрагасына | 1бирдик 1 коюм-кыскартылсын |

шыпырып тазалоочу(уборщица) 1бирдик 1 коюм-кыскартылсын
кароолчу администр-к мекемеге (дворник) 1бирдик 1 коюм-кыскартылсын
Архивариус 1 бирдик 1 коюм-кыскартылсын
Кароолчу Жогорку-Ичке-Суу а. спорт залына 1 бирдик 0,5 ставка-кыскартылсын

Кыскартылган жумушчуларга КРЭК негизинде тиешелүү төлөмдөрү төлөнүп берилсин.

8. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин негизинде Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 100,0 мин сом өлчөмүндө бекитилсин;

9. 2024-жылдан калган бюджеттик эсеп боюнча калдык 6312,4 мин сом өлчөмүндө бекитилсин жана төмөндөгүдөй сарпталсын;

- 159,0 мин сом акча каражаты 2024-жылдагы келишимдердин негизинде сметчик, технадзар кызматын алууга каралсын;
- 1500,0 мин сом Алмалуу айылынын Түлөбердиев, Бөкөнбаев көчөлөрүн, Карагай-Булак айылынын жолун капиталдык оңдоо- асфальттоого оздук салымы куатары каралсын;
- 2000,0 млн сом Алмалуу айылында жайгашкан бала бакчага керектуу материалдарды сатып алууга, капиталдык ондоодон откорууго жана башка каражаттарды сатып алууга каралсын;
- 1165,0 мин сом акча каражаты 5 мектепке интерактивдик панелин сатып алууга каралсын;
- 500,0 мин сом акча каражаты 5 мектепке керектелуучу материалдарын, чарба буюмдарын жана башка жабдыктарын-каражаттарын сатып алууга каралсын;
- 788,4 мин сом акча каражаты А.Мурзалиев атындагы ийрим корпусуна эмеректерин (шкаф, стол, стул, кровать ж.б.) сатып алууга каралсын;
- 200,0 мин сом акча каражаты Карагай-Булак айылына жарыктандырууга жана аны орнотууга каралсын;

10. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттигинин 2022-жылдын 13-январынын № 4 буйругунун негизинде Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасынын бир жолку төлөмү 10,3 миң сомго жана соц. фондго төлөмү 1,8 миң сомго бекитилсин;

11. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн кызматтык автоунаасына айына 300л.*75сомдон 12 айга 3600л. жалпысынан 270,0 мин сом акча каражаты каралсын;

12. Жергиликтүү бюджеттин 2026-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү 25155,9 миң сомго, анын ичинен тендөөчү грант 12180,0 мин сомго, 2027-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү 25394,7 миң сомго, анын ичинен тендөөчү грант 12180,0 мин сомго бекитилсин;

13. Бул токтомдун аткарылышы каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**